КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА ОШ ШААРДЫК АЙМАКТЫК КОМИССИЯСЫ

ОШСКАЯ ГОРОДСКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ ПО ВЫБОРАМ И ПРОВЕДЕНИЮ РЕФЕРЕНДУМОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

723510, Ош шаары, Ленин коч. 221
тел./факс 5-53-44

723510, город Ош, ул. Ленина, 221
тел./факс 5-53-44

# ЧЕЧИМ №22/3

2021-жылдын 4-июлу — Ош шаары

Катышышты:
Ош АШКнын төрагасы: Аттокуров У.Т.

мүчөлөрү :
Ысмаилова Б. А.
Айтбаева Ж.С.
Жумабаев Т.Ы.
Шаванов Т.К.
Ахматова Г.
Эрмеков К.К.
Эркинов А.Ч.
Зарипбек у.Б.

1. **Таджибаева Наргизахан Авасовнанын үстүнөн КР Бузуулар жонүндөгү Кодексинин 46-беренесинин негизинде чара көрүү боюнча.**

**Угулду:** Ош АШКнын төрагасы У. Аттокуров – Урматтуу кесиптештер, 2021-жылдын 1-июль күнү Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана Референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын чыгыш №19 саны менен социалдык тармакта “Т-Медиа.кж” сайтында Ош шаарынын Амир-Темур кичи шаарчасындагы Массив-Калинин көчөсүндө “Газпром” ишкананын кызматкери “Ата-Журт Кыргызстан” партиясынын атынан газ чыгарып беребиз деп үгүт иштерин жүргүзүп жаткандыгы тууралуу маалыматты караштуулук боюнча жөнөткөн.

Бул факты боюнча Ош шаардык ички иштер бөлүмү териштирүү жүргүзүп, жыйынтыгын жөнөттү.

Текшерүү учурунда Газпром Кыргызстан ЖЧКнын Ошгаз филиалынын директорунун орун басары М.Маматов суралган, ал видео тасмадагы бала Газпром Кыргызстан ЖЧКнын Ошгаз филиалынын кызматкери эмес, видеодогу аппараттарды кызматкерлер колдонбоорун жана алар тийиштүү атайын жасалган кийимдер менен иш алып бараарын билдирген. Ошондой эле, Газпром Кыргызстан ЖЧКнын Ошгаз филиалынын билдирмесинде, Ош шаарынын Калинин массивинин 105,134,135,136,138чи кочолорүнө газ орнотуу үчүн филиал тарабынан эч кандай жумушчулар тартылган эместиги жазылган.

Ал эми аталган видеону кол телефонуна тарткан Таджибаева Наргизахан Авасовна өзүнүн түшүнүк катында видео тасманы адашып тартып алгандыгын, тартып жатканда ал баланы Газпромдо иштейт деп айткандыгын кийин билгенин жана азыркы кезде кечирим сураарын билдирген.

Сканировано с CamScanner

Видео тасмадагы бала - А.Нурматов дагы суралып, ал, Ош регионалдык шаар курулуш жана архитектура боюнча башкармалыгынын топо чийме бөлүмүнүн жетектоочү адиси болуп иштеерин, аталган жерге өзунун кызматы үчүн, арыздар бар үчүн баргандыгын билдирген.

Ошондой эле, Ош регионалдык шаар курулуш жана архитектура боюнча башкармалыгы Ош шаарынын тургуну Я.Дурсуновдун топографиялык чиймени иштеп чыгуу жөнүндөгү арызынын негизинде башкармалыктын "Топографиялык чийме аткаруу" бөлүмүнүн жетекчиси А.Нурматов жумуш алып баргандыгын билдиришкен.

02-041-2021-001664 саны менен каттого алынган факт боюнча топтолгон материалдар 2021-жылдын 1-июль күнү номенклатуралык ишке сактоо үчүн тапшырылган.

Н.Таджибаеванын кыймыл аракетинде КРнын Бузуулар жөнүндө кодексинин 46-беренесинде көрсөтүлгөн мыйзам бузуулар аныкталгандыктан, анын үстүнөн укуктук баа берүү үчүн тийиштүү материалдардын көчүрмөсү Ош аймактык шайлоо комиссиясына жөнөтүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Бузуулар Кодексинин 46-беренесинде "Шайлоо дайындалгандан тартып шайлоонун натыйжалары расмий жарыяланганга чейинки мезгил ичинде талапкердин, саясий партиянын ар-намысын, кадыр-баркын жана ишкер беделин жаманатты кылган маалыматтарды жалпыга маалымдоо каражаттарынын таратышы, -8-категориядагы айып пул салууга алып келет" деп көрсөтүлгөн.

Жогорудагылардын негизинде, Н.Таджибаева талапкердин, саясий партиянын ар-намысын, кадыр-баркын жана ишкер беделин жаманатты кылган маалыматтарды жалпыга маалымдоо каражаттарына тараткандыгы үчүң Кыргыз Республикасынын Бузуулар Кодексинин 46-беренеси боюнча 8-категориядагы айып пул салуу боюнча сунуш добушка коюлду.

**Макул – 8** **Каршы – 1**

Сунуш бир добуштан кабыл алынды.

**Ош аймактык шайлоо комиссиясы күн тартибиндеги маселени талкуулап**

**Чечим кылат:**

1. Таджибаева Наргизахан Авасовнага талапкердин, саясий партиянын ар-намысын, кадыр-баркын жана ишкер беделин жаманатты кылган маалыматтарды жалпыга маалымдоо каражаттарына тараткандыгы үчүң Кыргыз Республикасынын Бузуулар Кодексинин 46-беренеси боюнча 8-категориядагы айып пул салынсын.

2. Чечим Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына билдирилсин.

**Ош шаардык шайлоо комиссиясынын төрагасы** **Аттокуров У.**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ ОШ ШААРДЫК АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ ОШСКАЯ ГОРОДСКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА

**Ош шаардык шайлоо комиссиясынын катчысы** **Буранова Е.**

Сканировано с CamScanner